концепциясына толук шайкеш келип, Чыңгыз Айтматовдун гуманисттик идеяларын мамлекеттик идеология менен айкалыштырат. Изилдөөнүн натыйжасында, эң биринчи кезекте, студенттердин бойдогу *руханий-этикалык туруктуулугун (Spiritual and Ethical Resilience)* бекемдөө күтүлөт. Бул жаш муундун глобалдык чакырыктарга туруштук берип, улуттук кадыр-баркын жана манкуртчулукка каршы ички иммунитетин сактап калышына шарт түзөт.

Ошондой эле, окутуунун алкагында калыптанган *коммуникативдик маданият (Communicative Culture)* студенттердин башка маданияттардын баалуулуктарын сыйлоо жана маданияттар аралык диалогго даяр болуу сапатын арттырат. Муну менен катар, жаштардын *социалдык жоопкерчилик (Social Responsibility)* сезими бекемделип, табиятка жана коомго карата аяр, гумандуу мамиле (humane attitude) жасоо көндүмдөрү калыптанат [7]. Жыйынтыктап айтканда, Ч. Айтматовдун мурастары билим берүү процессинде жөн гана теориялык билим эмес, жаштардын күнүмдүк турмушунда колдонулуучу негизги моралдык компасына жана мамлекеттик «Уңгу» багытынын ажырагыс бөлүгүнө айланууга тийиш [8, 115-б.].

Колдонулган адабияттар:

1. **Айтматов Ч.Т.** Ак кеме. – Бишкек: Бийиктик, 2010. – 180 б.
2. **Айтматов Ч.Т.** Күн айланып бүтпөйт. – Бишкек: Кыргызстан, 1988. – 350 б.
3. **Айтматов Ч.Т.** Кассандра тамгасы: Романдар, повесть. – Бишкек: Турар, 2014. – 416 б.
4. **Акматалиев А.** Айтматов таануу: Окуу куралы. – Бишкек: Улуу тоолор, 2015. – 260 б.
5. **Ибраимов О.** Чыңгыз Айтматов: Жашоо жана чыгармачылык. – Бишкек, 2018. – 320 б.
6. **Кадырбекова А.** Айтматовдун философиясы жана заманбаптык. // Илимий журнал. – 2021. – №4. – 205-215-бб.
7. **ОшМПУ Жарчысы** (Вестник ОшГПУ). Макалалар жыйнагы. [Электрондук ресурс]. URL: elibrary.ru (Шилтеме берүү артыкчылыкка ээ).
8. **Мамытов А.** Педагогикалык гуманизмдин негиздери. – Ош, 2022. – 150 б.

References:

1. Aitmatov, Ch.T. *The White Ship (Ak Keme)*. – Bishkek: Biyiktik, 2010. – 180 p.
2. *Bulletin of Osh State Pedagogical University (OshSPU Herald)*. Collection of articles. [Electronic resource]. URL: elibrary.ru (Access preferred).
3. Mamytov, A. *Fundamentals of Pedagogical Humanism*. – Osh, 2022. – 150 p.

УДК 82-1/9 DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.559

АЙТМАТОВДУН ЧЫГАРМАЛАРЫНДА УЛУТТУК ОБРАЗДАРДЫН КӨРКӨМ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Токтосунова Айдың Мамасадыковна
А.Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети, Кыргыз-Россия факультети, кыргыз тили жана адабияты кафедрасы, филология илимдеринин кандидаты. aidyn.toktosunova@mail.ru

ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ОТРАЖЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНЫХ ОБРАЗОВ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВА

Токтосунова Айдың Мамасадыковна

Ошский государственный педагогический университет имени А.Мырсабекова, Кыргызско-Российский факультет, кафедра кыргызский язык и литература, кандидат филологических наук. aidyn.toktosunova@mail.ru

THE ARTISTIC REPRESENTATION OF NATIONAL IMAGES IN THE WORKS OF CHINGIZ AITMATOV

Toktosunova Aidyn Mamasadykovna
Osh State Pedagogical University named after A.Myrsabekov, Kyrgyz-Russian Faculty, Department of Kyrgyz Language and Luterature, Candidate of Philological Sciences.
aidyn.toktosunova@mail.ru

Аннотация

Макалада Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы кыргыз дүйнөсүнүн көркөм чагылдырылышы жана анын дүйнөлүк деңгээлге көтөрүлүшү талдоого алынат. Автордун чыгармаларында улуттук өзгөчөлүктөр аркылуу жалпы адамзаттык баалуулуктар берилери көрсөтүлөт. Айтматов улуттук турмушту сүрөттөө менен чектелбестен, адамзаттын руханий көйгөйлөрүн көтөргөн жазуучу катары каралат. Айтматовдун чыгармаларында кыргыз элинин жашоо-турмушу, психологиясы, салт-санаасы, адеп-ахлактык нормалары, жашоо образы жана улуттук баалуулуктары автор тарабынан жогорку көркөм чеберчилик менен терең жана ишенимдүү чагылдырылгандыгы жөнүндө сөз болот.

Негизги сөздөр: *кыргыз дүйнөсү, универсалдуулук, көркөм образ, философия, улуттук баалуулук, адеп-ахлак, салт-санаа, психология.*

Аннотация

Статья посвящена анализу художественного отражения кыргызского мира в произведениях Чыңгыз Айтматов *и его выхода на мировой уровень. Рассматривается, каким образом через национальные особенности автор передаёт общечеловеческие ценности. Подчёркивается, что Айтматов не ограничивается изображением национальной жизни, а выступает как писатель, поднимающий духовные проблемы всего человечества. В статье раскрывается, что в произведениях автора жизнь кыргызского народа, его психология, традиции, нравственные нормы, образ жизни и национальные ценности отражены с высокой художественной точностью и глубиной.*

Ключевые слова: *кыргызский мир, универсальность, художественный образ, философия, национальные ценности, нравственность, традиции, психология.*

Abstract

This article analyzes the artistic representation of the Kyrgyz world in the works of Чыңгыз Айтматов *and its elevation to a global level. It demonstrates how universal human values are conveyed through national characteristics in the author’s works. The study emphasizes that Aitmatov does not limit himself to depicting national life, but is also a writer who raises fundamental spiritual issues of humanity. The article highlights that the life of the Kyrgyz people, their psychology, traditions, moral norms, way of life, and national values are portrayed with remarkable artistic mastery, depth, and authenticity.*

Keywords: *Kyrgyz world, universality, artistic image, philosophy, national values, morality, traditions, psychology.*

Белгилүү жазуучу Чыңгыз Айтматов – кыргыз адабиятынын гана эмес, дүйнөлүк адабияттын да көрүнүктүү өкүлү. Жазуучуну дүйнөлүк аренага алып чыккан – анын чыгармаларындагы терең идеялар, сүрөттөлгөн адам турмушу жана автордун жогорку чыгармачылык чеберчилиги. Жазуучунун өзгөчөлүгү – ал кыргыз элинин турмушун, салт-санаасын, дүйнө таанымын терең жана көркөм чагылдыруу менен бирге, жалпы адамзаттык маанидеги маселелерди көтөрө алгандыгында. Анын чыгармаларында кыргыз турмушу жандуу, реалдуу жана көркөм образдар аркылуу ишенимдүү чагылдырылат жана кыргыз дүйнөсү универсалдуу мазмунга айландырылган. Чындыгында, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларында кыргыз элинин жашоо-турмушу, психологиясы, салт-санаасы, адеп-ахлактык нормалары, жашоо образы жана улуттук баалуулуктары автор тарабынан жогорку

көркөм чеберчилик менен терең жана ишенимдүү чагылдырылган. Мына ушул көркөм чагылдыруунун күчү анын чыгармаларына дүйнө элдеринин окурмандары тарабынан кеңири кызыгуу жаратууга өбөлгө түзгөн. Жазуучу сүрөттөгөн адам турмушу улуттук өзгөчөлүктөргө ээ болгону менен, анын маңызында жалпы адамзатка таандык универсалдуу баалуулуктар жатат. Башкача айтканда, ар кайсы улуттун өкүлдөрү үчүн адамзаттык негизги түшүнүктөр – кубаныч, кайгы, сүйүү, үмүт, жашоого болгон умтулуу – мазмундук жактан окшош. Ошондуктан адамзаттын руханий жана социалдык проблемалары да көп жагынан жалпылык мүнөзгө ээ. Ушундай универсалдуулуктун негизинде Айтматовдун чыгармалары ар түрдүү маданияттагы окурмандарга түшүнүктүү болуп, «адам» деген жалпы түшүнүктүн айланасында бириктирүүчү күчкө айланат. Адабиятчы, профессор Л.Үкүбаева: айтматовдук дүйнөтаануу, философия ширелишип кеткендигин, кайсынысы автордуку, кайсынысы элдики экендигин так ажыратуу мүмкүн эместигин айтуу менен “... алардагы ойлор азыркы биздин заман, доорубуз үчүн өтө актуалдуу болуп, адамзатты акыл-эске, маданиятты көтөрүүгө чакырып тургандыгы менен көңүлдү бурат: Адамды туумак кыйын, а өлтүрмөк көз ачып жумганча, Жылдыздар адам болсо көккө батмак эмес, балыктар адам болсо сууга батмак эмес, адам акылынын жаркыны өчүп, дүнүйө тепкен кесири башынан ашса, арты жаман, кесепети калайман журтка тиет...” автордун бир катар афоризмдерин санап, адамдык жашоонун моралдык кодексин түзгөн санат сөздөр деп карайт [Үкүбаева, 222]. Изилдөөчү бул ойлорду жөн гана көркөм сөз эмес, адамзат жашоосунун нравалык негиздерин аныктаган моралдык кодекс деңгээлиндеги санат сөздөр катары баалайт. Чынында эле, аталган афоризмдерде адам өмүрүнүн баалуулугу, акыл-эстин үстөмдүгү, коом алдындагы жоопкерчилик сыяктуу универсалдуу принциптер камтылып, алар жалпы адамзаттык мааниге ээ философиялык жалпылоолор катары кызмат кылат.

Чыгармадан алынган афоризмдер терең философиялык жана нравалык мазмунду айкын чагылдырат. Анда автор адамзаттын руханий абалына, акыл-эстин ролуна жана коомдук жоопкерчилик маселесине өзгөчө көңүл бурат. «Адамды туумак кыйын, а өлтүрмөк көз ачып жумганча» деген ой адам өмүрүнүн баалуулугун жана анын кайтарылгыс касиетин баса белгилейт. Бул жерде жазуучу адам жашоосунун ыйыктыгын көтөрүп чыгып, зордук-зомбулуктун табиятын сынга алат. Ал эми «жылдыздар адам болсо…» деген метафоралык салыштыруулар аркылуу адамдын акыл-эсинин чектелгендиги жана кээде өз табиятынан алыстап кетүү коркунучу көркөм-философиялык формада берилет. Мындан тышкары, адам акылынын «жаркыны өчүшү» образы аркылуу руханий кризис, нравалык деградация маселеси көтөрүлөт. Автордун пикиринде, адамзат акыл-эстен, маданияттан жана адеп-ахлактык баалуулуктардан алыстаса, анын кесепети жеке инсанга гана эмес, бүтүндөй коомго терс таасирин тийгизет. Бул ой «кесепети калайман журтка тиет» деген жыйынтык менен жалпыланат.

Демек, бул үзүндүдө Айтматов адамзатка эскертүү мүнөзүндөгү философиялык концепцияны сунуштайт: адам акыл-эсин, маданиятын жана адамгерчилигин сактаган шартта гана коом туруктуу өнүгүүгө жетише алат. Ушул жагынан алганда, Айтматовдун чыгармалары бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпой, глобалдык масштабдагы руханий жана социалдык проблемалар менен тыгыз байланышта каралат.

Жазуучунун чыгармалары адам менен табияттын гармониялуу мамилесине чакырган көркөм-философиялык мурастар катары бааланат. Жазуучу табият маселесин өтө курч жана актуалдуу көйгөйлөрдүн бири катары карап, анын дүйнөлүк масштабдагы глобалдык проблемалардын өзөгүн түзөрүн терең аңдатат. Бул жагынан алганда, табиятка болгон мамиле жалпы адамзатка тиешелүү универсалдуу маселелердин катарына кирет. Айтматов адам менен жаратылыштын ортосундагы байланышты терең философиялык деңгээлде чечмелейт. Анын чыгармаларында табият жөн гана фондук элемент катары эмес, адамдын руханий дүйнөсү менен тыгыз байланышкан символдук система катары кызмат кылат. Мисалы, «Ак кеме» повестинде жаратылыш менен адамдын ортосундагы мамиле баланын ички дүйнөсүнүн тазалыгы жана аруулугу аркылуу ачылат. Бул чыгармада табият адам рухунун, адеп-ахлактык тазалыктын жана гармониянын символу катары көркөм интерпретацияланат. Бугу-эне – ыйыктык,

тазалык, табият менен гармониянын символу. Бул образ аркылуу автор адамзаттын табияттан ажырап бара жаткан трагедиясын көрсөтөт. «Адамдар кайберен эмес, бирин бири аябайт» [Айтматов, 71] деген Майрык чаар жезкемпир менен Бугу –Эненин диалогу аркылуу терең философиялык мазмунда ачылат. Чыңгыз Айтматов бул диалог аркылуу адамзаттын табияттан алыстап, өзүнүн баштапкы гуманисттик маңызын жоготуп бара жаткандыгын символдук формада чагылдыра алган. Майрык чаар жезкемпирдин сөзү адам баласынын мыкаачылыгын, бири-бирине болгон кайдыгерлигин жана руханий кризисин көрсөтсө, Бугу-Эненин образы тескерисинче табияттын тазалыгын, боорукерлигин жана ыйыктыгын туюнтат. Ушундай карама-каршылык аркылуу автор адам менен жаратылыштын ортосундагы дисгармонияны ачып берет.

Бул диалогдо «кайберен» түшүнүгү да символдук мааниге ээ болуп, жапайы жаныбарлардын өзү да табигый мыйзамга ылайык жашап, бири-бирине негизсиз зыян келтирбестигин билдирет. Ал эми адам болсо акыл-эсине карабастан, өзүнө окшошту аябаган, табият мыйзамын бузган жан катары сүрөттөлөт. Мунун негизинде жазуучу адамзат коомундагы моралдык баалуулуктардын төмөндөө маселесин көтөрүп, окурмандардын таразасына койгон. Демек, аталган диалог көркөм тексттин чегинен чыгып, адамзаттын руханий абалына берилген философиялык баа катары кызмат кылат жана адамды адамгерчиликке, табият менен гармониялуу жашоого чакырган идеяны камтыйт. Адам менен жаратылыштын ортосундагы мамиле маселеси улуттук алкак менен чектелбестен, бүткүл адамзат коомун толгонткон глобалдык көйгөй катары бааланат, анткени ал экологиялык тең салмактуулукту сактоо, руханий баалуулуктарды коргоо жана туруктуу өнүгүүнү камсыз кылуу сыяктуу маанилүү маселелер менен тыгыз байланышта.

“Э-э балам, акчанын арааны жүргөн жерде адалдык орун таппай чыркырап качат” [Айтматов, 76] Айтматовдун афоризми кайсы доор болбосун өз актуалдуулугун жоготпогон нравалык-философиялык ой катары бааланат. Бул сөз аркылуу жазуучу материалдык кызыкчылыктын үстөмдүгү руханий баалуулуктардын, айрыкча адалдык, акыйкаттык жана калыстыктын четке сүрүлүшүнө алып келерин терең символдук мааниде туюнта алган.

Адам баласы акыйкаттык, калыстык жана адилеттүүлүк принциптеринен тайган учурда коомдо моралдык тең салмак бузулуп, ишеним кризиси күчөйт. Мындай шартта жеке кызыкчылык коомдук кызыкчылыктан жогору коюлуп, адамгерчилик баалуулуктар солгундап, социалдык мамилелерде адилетсиздик үстөмдүк кыла баштайт. Демек, аталган афоризм адамзат коомун руханий тазалыкты сактоого, адеп-ахлактык принциптерди бекем карманууга чакырган универсалдуу эскертүү мүнөзүнө ээ болуп, бүгүнкү күндө да өзүнүн терең тарбиялык жана философиялык маанисин жоготпой келет. Жыйынтыктап айтканда, Бугу-Эненин образы аркылуу Чыңгыз Айтматов ыйыктык, табиятты урматтоо жана аны сактоо идеяларын көркөм-символдук деңгээлде чагылдырып берген. Бул образдын терең катмарында адамзатка багытталган философиялык кайрылуу жатат: жаратылышка аяр мамиле кылуу, руханий тазалыкты сактоо жана табигый гармонияны бузбоо зарылдыгы.

Адабиятчы, профессор Л. Үкүбаева Чыңгыз Айтматовдун көркөм эстетикасын талдоодо жазуучунун чыгармаларынан чыгармасына өтүп, туруктуу өнүгүп келген негизги мотивдердин бири катары **бала** образына өзгөчө көңүл бурат. Изилдөөчүнүн белгилөөсүнө ылайык, Айтматов бала феноменин адам жашоосунун башкы маңызын түзгөн, эч нерсе менен алмаштыргыс жана ар бир инсан өзүнүн руханий деңгээли аркылуу баалай турган эң жогорку нарк катары кароого умтулат.

Л. Үкүбаева бул ойду тереңдетип, баланын баалуулугу жана касиети жазуучунун чыгармаларында өзгөчө философиялык мазмунга ээ экендигин белгилейт. Айрыкча, Эмрайиндин өлүм алдында ачкан «керемет жаңылыгы» да ушул бала феномени менен байланыштуу экендигин көрсөтөт. Ушул идеялык мотив «Саманчынын жолу», «Ак кеме» повесттеринде, «Кыямат» жана «Кассандра тамгасы» романдарында ар кандай аллегориялык жана метафоралык каражаттар аркылуу көркөм интерпретацияланган [Үкүбаева, 190]. Демек, изилдөөчүнүн жыйынтыгына ылайык, Айтматовдун чыгармачылыгында бала образы жөн гана турмуштук деталь эмес, жалпы адамзаттын жашоосунун маңызын ачкан философиялык-

символдук категория катары каралат. Ал адамзаттын келечеги, руханий тазалыгы жана нравалык баалуулуктардын улануусу менен тыгыз байланышта берилет.

Айтматов өзүнүн чыгармаларында улуттук образдарды чебер колдонуу аркылуу жалпы адамзатка тиешелүү маселелерди көтөрө алгандыгы менен кыргыз адабиятында өзгөчө орунду ээлейт. Анын чыгармаларындагы каармандар конкреттүү кыргыз коомунун өкүлдөрү болгону менен, алардын ички дүйнөсү, руханий изденүүлөрү жана моралдык тандоолору ар түрдүү маданияттагы окурмандарга түшүнүктүү жана жакын. Мисалы, «Кылым карытар бир күн» романындагы манкурт образы тарыхый эс-тутумун жоготкон адамдын жалпыланган символу катары интерпретацияланат. Бул образ аркылуу жазуучу инсандык идентүүлүктүн жоголушу, тарыхый мурастан ажыроо жана руханий боштук маселелерин көтөрөт. Ошону менен бирге, манкурт феномени бүгүнкү күндө да өз актуалдуулугун жоготпой, глобалдашуу шартындагы маданий трансформациялар жана идентификациялык кризис сыяктуу көйгөйлөрдү чагылдырган универсалдуу символ катары каралат. “Адамдын адам болгон касиети, жаралганда кошо жаралып, өлгөндө өзү менен кошо кетчү, айбандан айырмалап турган жалгыз касиети эс-акыл болсо, аны түп тамырынан бери жулуп салса, - бул не деген шумдук, андан көрө туткунду жүрөгүн өлтүрөр кыйноого салса, же түз эле башын алып салса тигиге салыштырганда адилетчилик болбойбу” [Айтматов, 143]. Анда адам табиятынын өзөгү катары эс-акыл (интеллект, аң-сезим) категориясы көтөрүлүп, анын жоголушу адамды адам кылган негизги маңыздын жок болушу катары берилет. Бул ой адамды айбандан айырмалап турган башкы белги – акыл-эс экендигин баса белгилеп турат. «Эс-акылды түп тамырынан жулуп салуу» деген метафора инсандык аң-сезимдин жана тарыхый эстутумдун жокко чыгарылышын сүрөттөп, адамды биологиялык жандык деңгээлине түшүрүп, анын руханий маңызын толугу менен жок кылган учурун, адамдын адамдык касиетинен ажыраганын туюндурат.

Бул ой бүгүнкү күндө да өзүнүн актуалдуулугун жоготпойт, анткени адам үчүн эң татаал милдет – жөн гана жашоо эмес, күн сайын адам бойдон калуу, башкача айтканда, акыл-эсин, адеп-ахлактык принциптерин жана руханий баалуулуктарын сактоо болуп саналат. Адам өзүнүн абийирин, акыйкаттыкка болгон мамилесин, боорукерлигин жана жоопкерчилигин күн сайын бекемдеп турбаса, ал руханий жактан бошоп, өзүнүн инсандык маңызынан алыстап кетиши мүмкүн. Демек, адам өзүнүн адамдык касиеттерин сактоого жана улуттук баалуулуктарды балоого чакырган философиялык эскертүү катары маанилүү.

Жыйынтыктап айтканда, Чыңгыз Айтматов чыгармаларындагы кыргыз дүйнөсү аркылуу улуттук турмушту чагылдыруу менен жалпы адамзаттык баалуулуктарды жана кыргыз маданиятынын дүйнөлүк маданият менен айкалышын мыкты ачып берген. Анын чыгармалары бүгүнкү күндө да актуалдуулугун жоготпой, жалпы адамзаттын руханий өнүгүүсүнө салым кошуп келет. Жазуучунун көркөм дүйнөсүндө улуттук образдар терең символдук табиятка ээ болуу менен окурманды терең ой жүгүртүүгө жетелейт.

Колдонулган адабияттар:

1. Айтматов Ч. Томдуктар жыйнагы. Б.2009
2. Айтматов Ч. Чыгармаларынын он томдук толук жыйнагы. Б.2018.
3. Акматалиев А. Ч.Айтматов жана боордош элдер адабияты. Ф.1988
4. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматовдун каармандарынын көркөм дүйнөсү. – Бишкек, 2010.
5. Үкүбаева Л. Чыңгыз Айтматов: Эстетика жана улуттук негиз. Б. 2004